261

261

# ЛИЛАЙЗ РОЗА

## МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДУ МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы:**
Лилайз Роза, 5мг, №10 жыныс кын суппозиторийлери

**Эл аралык патенттелбеген аталышы:**
Гиалурон кислотасы

**Курамы:** Бир суппозиторий төмөнкүлөрдү камтыйт:
натрий гиалуронат 5.90 мг (5.00 мг гиалурон кислотасына туура келет),
катуу май, азия центелласынын майлуу маңызы, алоэнин майда эрүүчү маңызы, теңге гүлдүн майлуу маңызы, чай багынын майы, бутилирленген гидрокситолуол, пропилпарагидроксибензоат, изобутилпарагидроксибензоат, бутилпарагидроксибензоат.

**Сүрөттөмөсү:**
Ак же дээрлик ак жыты жок суппозиторийлер.

**Колдонуу жолу:**
Лилайз Роза төмөнкүлөрдө колдонулат:
- төрөттөн кийин жыныс кындын былжырынын, жыныс кынга хирургиялык операциялардын, эрозияларды күйгүзгөндөн кийин, химиялык дарылоодон кийин жыныс кындын былжырынын дистрофиясын, лазер менен иондошкон нурлануудан кийин айыгуусун жеңилдетүү үчүн
- жыныс кындын менопаузадан кийин кургашында, табигый менопаузадан же медициналык кийлигишүүдөн пайда болгон (гистерэктомия, овариоэктомиялар) менопаузанын кесепетинен эстрогендин жетишсиздиги, кортикостероиддерди узакка колдонуудан кийин.

**Колдонуу жолу жана дозалары:**
*Кын ичине.* Киргизердин алдында колду жууп, жыныс кын суппозиторийлерин чыгаруу керек (таңгагын кайчы менен кесип). Жыныс кын суппозиторийлери жыныс кынга терең киргизилет. Эгерде жыныс кын суппозиторийлери абдан жумшак болсо, аларды алдын ала бир нече минута ичинде муздаткычта муздатуу же муздак суу алдында кармап туруу зарыл (аларды пластик таңгактан чыгарганга чейин). Адаттагы дозасы кечинде жатаар алдында (же дарыгердин көрсөтмөсүнө ылайык) күнүнө бир жыныс кын свечасын (5 мг) түзөт. Жегенге болбойт.

**Этияттык чаралары:**
Көзгө тийгизүүдөн алыс болуу керек. Жутууга болбойт.

**Кыйыр таасири:**
Олуттуу кыйыр таасирлери белгиленген эмес.

**Колдонууга каршы көрсөтмө:**
- курамындагыларга жогору сезгичтик

**Өзгөчө көрсөтмө:**
Жергиликтүү колдонуу үчүн дайындалган каражатты узакка колдонуу жогорку сезгичтик симптомдорун пайда кылышы мүмкүн, мындай учурда колдонууну токтотуу жана дарыгер менен кеңешүү зарыл.
Көзгө тийгизүүдөн алыс болуңуз.
*Кош бойлуулук жана бала эмизүү.*
Кош бойлуулукта колдонуу тажрыйбасы жетишсиздигине байланыштуу, жыныс кын суппозиторийлерин дарыгердин сунушу боюнча гана колдонууга болот.
*Унаа каражатын же потенциалдуу коопту механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир берүү өзгөчөлүгү*
Бейтаптын автоунаа каражатын же потенциалдуу коопту механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир бербейт.

**Ашык доза:**
Белгиленген эмес.

**Чыгаруу формасы жана таңгагы**:
Поливинилхлоридден жана полиэтиленден контурлуу уячалуу таңгакта 5 жыныс кын суппозиторийлери.
2 контурлуу уячалуу таңгак медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуга салынат.

**Сактоо шарты:**
Кургак 25°С дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Жарактуулук мөөнөтү:**
3 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканадан берүү шарты:**
Рецепти жок.

**Өндүргөн-уюм:**
**HELP S.A.**
10 Valaoritou Str.,
GR 14452 Metamorphosis, Attiki, Greece (Греция)

**Каттоо күбөлүгүнүн ээсинин аталышы жана өлкөсү:**
Spey Medical Ltd.,
Lynton House, 7-12 Tavistock
Square, London, WC1H 9LT, UK (Улуу Британия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн өндүрүмдүн (товардын) сапаты боюнча арыз-доолорду кабыл алган уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,
Тыныстанов көчөсү, 4а үй, 11-батир,
E-mail: aman.pharm12@gmail.com

702752-1

SPEY